**Программалык аккредитациялоо учурунда тышкы баалоонунун натыйжалары боюнча**

**КОРУТУНДУ**

Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту коомдук фондунун 2024-жылдын

8- апрелиндеги буйругунун негизинде №9/24/13-к

эксперттик комиссия 2024-жылдын 19- апрелинен баштап, 2024-жылдын 20- апрелине чейин

"Токмок "Үмүт" жалпы билим берүү лицей" мекемесине тышкы баалоо жүргүзүлдү.

| | Критерийлер | Баа (ылайык келет, жарым-жартылай ылайык келет, ылайык келбейт) | Комментарийлер(баанын негиздемеси) |
|---|---|---|---|
| **1 Стандарт. ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-УСУЛДУК КАМСЫЗДАНУУСУ** | | | |
| 1.1. | Окуу планынын жана программаларынын билим берүү стандартынын талаптарына, базистик окуу планына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келет | Токмок "Үмүт" жалпы билим берүү лицейи Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 01.08.2023-ж. №4807/1 буйругу менен бекитилген БОПтун негизинде, 11.08.2023-ж. ББжИМ тарабынан бекитилген "Сапат" билим берүү мекемесинин лицейлери үчүн 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн окуу планынын негизинде ишкердүүлүк жүргүзүп келет. Математика, информатика, химия, биология, физика жана англис тили Кембридж программалары менен, ал эми калган предметтер мамлекеттик билим берүү стандарттардын негизинде окутулат жана "Сапат" билим берүү мекемесинин илимий-методикалык борбору тарабынан предметтик календардык-тематикалык пландар иштелип чыгып, сунушталат. Окутуу 2-чи, 3-баскычтар менен жана 4 тилде (кыргыз , орус, англис, түрк тилинде) жүргүзүлөт. 10-11-класстарда профилдик- физика- математика, социалдык-гуманитардык, табыгый-математикалык 3 багыттагы окуу программалардын негизинде жүргүзүлөт. Лицейдин окуу программасы кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. |
| 1.2. | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын | Ылайык келет | Лицейде окуу процессин сапаттуу ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык, окуучулардын окуу программасын өздөштүрүүнүн пландаштырылган натыйжаларына жетишүүсүнө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | | көмөктөшүү үчүн, кызыкдар тараптардын талаптарын эске алуу менен ( жүргүзүлгөн анкеталар, сурамжылоолордун негизинде) окуу-методикалык камсыздоо талапка жооп берет. Кембридж программасы менен окутулуучу предметтердин окуу-методикалык комплекси толугу менен жыл сайын жаңыланып, толукталып турат. Калган окуу китептери 14-август 2023-жылдын №2023/1 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2023-2024-окуу жылына карата бекитилген окуу китептеринин тизмесине дал келет. |
| 1.3. | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын болушу (окутуу тилдерин эске алуу менен окуучулардын санына карата окуу-методикалык адабияттардын фондусу) | Ылайык келет | Лицейде окутуу төрт тилде жүргүзүлгөндүктөн, кыргыз, орус, англис жана түрк тилдериндеги окуу китептери, адабий китептери жана электрондук китептер менен толук камсыздалган. Электрондук китепкананын банкында окуу китептери жана адабий китептери менен камсыздалган. Кембридж программасы боюнча окутулуучу китептери жетиштүү. Китепкананы колдонуу жөнүндө Жобо, китепканачынын жылдык иш пландары жана аткарылган иштери боюнча анализдери бар. Китеп фондусу боюнча ИСУОдо маалыматтар жүктөлгөн. |
| 1.4. | Билим берүү программасынын мазмунун жана окуу-методикалык камсыздоону өркүндөтүү максатында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жана кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоонун иштөө механизминин болушу. | Ылайык келет | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылынын 3-майындагы №209 токтомунда "Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугунун 2019-2023-жылдарга карата Концепциясын" ишке ашыруу максатында лицейде жүргүзүлгөн иш чаралардын планы, отчеттору тастыктоочу базада канааттандырарлык. Окуучуларга окуу процессинде мобилдик телефондорун жана гаджеттерди колдонууга тыйуу салуу менен сырткы терс маалыматтардан коргоого шарт түзүлгөн. |

***Күчтүү жактары:*** *"Токмок "Үмүт жалпы билим берүү лицейи" мекемесинин билим сапаты Токмок шаарындагы мектептердин арасында биринчи орунда турат. Кембридж программасы менен окутулушу. Окуучулардын парламентинин ишкердигинин жакшы деңгээлде жүргүзүлүшү. Edupage электрондук журналы-кызыкдар тараптар менен байланышуу, окуучулардын жетишүү жана катышуусун көзөмөлдөөсү. Ар бир чейректин аягында негизги предметтерден бирдиктүү сынактар жүргүзүлүп, анализделип турушу.*

***Алсыз жактар:* -**

| | | | |
|---|---|---|---|
| ***Сунуштар:*** *Кембридж программасы боюнча окутуучу мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу. Физика, химия сабактары боюнча лаборанттык штатын ачуу.* | | | |
| **2 Стандарт. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ИЙГИЛИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Ылайык келет | Окуучулардын көз караштарын эске алуу менен предметтик мугалимдердин сабактарга максаттарын коюусу жана мамлекеттик стандарттарга дал келиши, окуучулардын комтетенциясын өстүрүүгө багытталгандыгы боюнча өздүк анализде берилген, тастыктоочу базада маалыматтар жетиштүү. |
| 2.2. | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Ылайык келет | Лицейдеги мугалимдер "Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу аркылуу сапаттуу билим, тарбия берүү" деген методикалык темада иштешет. МКТны пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү бар, 3 түйүндүү интернет байланышы менен 22 окуу кабинеттери, китепкана камсыздалган. Информатика, физика, биология, химия, информатика кабинеттери акыркы моделдеги интерактивдүү librтакталар, калган кабинеттери проекторлор менен камсыздалган. Мугалимдер негизги инновациялык технологиялар менен камсыздалган. Мугалимдер сабактарында Wordwall, Leaarningapps, Kaboot ж.б. ондогон программаларды колдонушат. |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана коррекциялоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Ылайык келет | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизми толук иштелип чыккан. Билим берүүдөгү кемчиликтерди жоюу максатында педагогикалык жамааттан жана ата-энелерден анкеталар, сурамжылоолор жылына бир жолу алынат. Ал эми окуучулардан жылына эки жолу анкета алынат жана анализделинет. Ата-энелер чогулуштарынын протоколдору тиркелген. Сабактардан начар өздөштүргөн жана эң жакшы окуган окуучулар менен иштөө пландары түзүлгөн, аткарылгандыгы боюнча маалыматтар алынат. Ишеним кутучасы боюнча Жобо, ачуу процедурасы жана акт түзүү боюнча маалыматтар, жооптуу кызматкерлердин буйругу бар. |
| 2.4. | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билим берүүнүн жетишкендиктерин | Ылайык келет | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушун камсыздоо максатында "Баалоонун системасы жана ачык-айкын өткөрүү формалары жөнүндө" жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | баалоонун объективдүү жана ачык системанын болушу | | боюнча иштелген иштердин пландары, аткарылган иштердин анализдери жана натыйжалары жөнүндө маалыматтары бар. |
| 2.5. | Колдонулган эрежелер, жол-жоболор жана баа берүүнүн натыйжалары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымат берүү системанын болушу | Ылайык келет | Окуучуларга маалымат берүүнүн жол-жоболору жана ыкмалары, алардын эффективдүүлүгү далаилденген процедуралары жана аппеляция комиссиясы түзүлгөн, педагогикалык кеңешмеде бекитилген. "Баалоо системасы жөнүндө" жобо жана аны ишке ашыруу боюнча мугалимдерге, окуучуларга жеткирүү процедуралары, "Арыздар, даттануулар жөнүндө" жобо жана кайрылуулар менен иштөө механизмдери иштейт ( китепчеге каттоо жб.). |
| 2.6. | Билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу методдорду колдонуу, коопсуз өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу | Ылайык келет | Билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу, психологиялык жактан окуучуларга жана мугалимдерге ыңгайлуу шарт менен камсыздоо жөнгө салынгандыгы жана коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу, мектептин антитеррордук жана окуучулардын социалдык паспорттору боюнча маалыматтарды тактоо керек. Мектепте коопсуздукту сактоо боюнча ыңгайлуу чөйрө түзүлгөн. |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун жана системалуу мониторингдин негизинде окуучулардын жыйынтыктарынын динамикасы | Ылайык келет | Жалпы лицейдин ички жана сырткы баалоо динамикасынын акыркы 5 жыл үчүн, ар бир предметтер боюнча, чейрек сайын билим деңгээлинин көрсөткүчтөрүнүн динамикалык өсүшү жөнүндө маалыматтары жана анализдери бар. Беш жылдык ЖРТ жана олимпиаданын жыйынтыктарынын динамикалык көрсөткүчтөрү талапка жооп берет. ЦООМО, НЦТ жана 1-ЖТС да "Сапат" лицейлеринин арасында акыркы 3 жылдын ичинде 1-2 орунда. Мектепте ар бир чейрек аяктаганда окуучулардан предметтер боюнча өздөштүрүү мониторинги жүргүзүлөт. |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таазир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Ылайык келет | Токмок "Үмүт жалпы билим берүү лицейи" мекемеси "Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен иштөө" жөнүндө жободо жазылган жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, жооп берүү тартиби жөнүндө, "Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө" ж.у.с. документтер тиркелген. |
| ***Күчтүү жактар**: Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды колдонот. Кабинеттер мультимедиалык техникалар менен толук жабдылган. Мектепте интернет, веб- сайт, маалыматтык коопсуздукту камсыздоо механизмдери жана процедуралары иштейт.* | | | |
| ***Алсыз жактар: -*** | | | |
| ***Сунуштар: -*** | | | |

| 3 Стандарт. КАДРДЫК САЯСАТЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Билим берүү программасына педагогикалык кадрлардын квалификациясынын жана билиминин ылайык келиши | Ылайык келет | Мектептин педагогикалык курамы билим берүүнүн талабына жооп берүүчү квалификациялуу адистер менен камсыздалган, билим берүү программасына педагогикалык кадрлардын квалификациясынын жана билиминин ылайык келет. |
| 3.2. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу механизминин жана жол-жобосунун болушу, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы мамилелерге баа берүү жана анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алуунун болушу | Ылайык келет | Мектептин педагогикалык жамаатынын физикалык жана психологиялык коопсуздугун камсыздоо процедуралары, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун негизинде анкеталар, сурамжылоолор, анализдер жүргүзүлөт. |
| 3.3. | Педагогикалык кадрлардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу, кесиптик өнүктүрүү жана мотивациялоо системасынын болушу | Ылайык келет | Мектепте педагогикалык кадрлардын адистик билимин өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу 2018-жылдан 2024-жылдар аралыгындагы графиктери боюнча мониторинг жүргүзүлөт. Мониторингдин негизинде педагогикалык жамаат мотивацияланат. |
| ***Күчтүү жактар***: *Мугалимдерди квалификациясын жогорулатууда чет өлкөлүк билим берүү боюнча тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүк түзүлгөндүгү. Мугалимдерди “Сапат” ЭББМ тарабынан ротациялап турушу.* | | | |
| ***Алсыз жактар: -*** | | | |
| ***Сунуштар:-*** | | | |
| **4 Стандарт. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | |
| 4.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган | Ылайык келет | Мектеп типтүү, үч кабаттуу, 22 кабинети жана китепкана, спорт зал, ашкана, мультимедиалык кабинеттери, жыйын залы, медпункт жана ритмика кабинеттери бар. Кабинеттердин паспорттору бекитилген жана фотоотчеттор жүктөлгөн. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуу класстары, лабораториялык, компьютердик класстар, спорт залы) болушу | | |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүндөгү коопсуздуктун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун эрежелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери) | Ылайык келет | Мектепте билим берүү программасын ишке ашыруу, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча бекитилген нускамалардын негизинде иш жүргүзүлөт.Санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер ченемдер боюнча атайын бурчтар уюштурулган. Билим берүү чөйрөсүндөгү коопсуздуктун талаптарын сакталат. |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалымат ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу | Ылайык келет | Материалдык-техникалык базаны жана маалымат ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизмдери талапка жооп берет. |
| ***Күчтүү жактар:*** *Окуучуларга мезгилдин талабына ылайык билим жана тарбия берүүгө мекеменин материлдык-техникалык базасы жана маалыматтык ресурстары талапка жооп берет* | | | |
| ***Алсыз жактар:-*** | | | |
| ***Сунуштар:-*** | | | |

## Минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынтыкталган таблица

| № | Минималдуу талап | Критерийлердин саны | Ылайык келет | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт | Аткарылды/ Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы | 4 | 4 | - | - | Аткарылды |
| 2. | Компетентүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | 8 | 8 | - | - | Аткарылды |
| 3. | Кадрдык саясаттын натыйжалуулугу | 3 | 3 | - | - | Аткарылды |
| 4. | Материалдык-техникалык база | 3 | 3 | - | - | Аткарылды |

**Эксперттик комиссиянын аккредитациялоо боюнча чечими:**

**-орто жалпы билим берүү программалары**

**-негизги жалпы билим берүү программалары**

**“Токмок “Үмүт жалпы билим берүү лицейи” мекемеси лицейдин статусун тастыктоо менен 5 жылдык мөөнөткө аккредитациядан өткөрүүнү сунуштайт.**

Комиссиянын төрайымы: Садыкова Айшабүбү Жакыпбековна ______________

Комиссиянын мүчөлөрү: Осмонбекова Таалайкүл Октябровна ______________

Алманбетова Чинара Сагыналиевна ______________